**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКА ЖАНА КОММЕРЦИЯ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ЭКОНОМИКИ И КОММЕРЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**MINISTRY OF ECONOMY AND COMMERCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC**

720040, Бишкек ш., Абдумомунов, 207
Факс: +996 (312) 66-18-37
Телефон: +996 (312) 62-05-35 кош. 240, 163, 266, 267
Эл. почта: mail@mineconom.gov.kg
Веб-сайт: www.mineconom.gov.kg
КР ФМ караштуу БК
э/э 4402011101099995
ИСН 02611202110027
БИК 440201
ИУРК 31287700

720040, Bishkek, Abdumomunov St, 207
Fax: +996 (312) 66-18-37
Telephone: +996 (312) 62-05-35 ext. 240, 163, 266, 267
E-mail: mail@mineconom.gov.kg
Web-site: www.mineconom.gov.kg

720040, г. Бишкек, Абдумомунова, 207
Факс: +996 (312) 66-18-37
Телефон: +996 (312) 62-05-35 доб. 240, 163, 266, 267
Эл. почта: mail@mineconom.gov.kg
Веб-сайт: www.mineconom.gov.kg
ЦК при МФКР
з/э 4402011101099995
ИНН 02611202110027
БИК 440201
ОКПО 31287700

________________ № ________

№________________________

КЫРНАЦУНИВЕРСИТЕТ
входящий № 57
«19» 01 20 26

**Жогорку окуу жайлары**
(тизме боюнча)

Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин, Н. Э. Бауман атындагы Москва мамлекеттик техникалык университетинин жана "Ростех" жогорку технологиялык өнөр жай продукциясын иштеп чыгууга, өндүрүүгө жана экспорттоого көмөктөшүү боюнча мамлекеттик корпорациясынын ортосунда Кыргыз Республикасынын өнөр жай ишканаларында (жеңил өнөр жайдан тышкары) жана коргоо-өнөр жай комплексинде кийин ишке орноштуруу менен адистерди даярдоого багытталган жогорку кесиптик билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу жаатында кызматташуу жөнүндө макулдашууга (мындан ары- Макулдашуу) кол коюлганын маалымдайбыз.

Макулдашуунун алкагында Н. Э.Бауман атындагы Москва мамлекеттик техникалык университети (мындан ары- Н.Э. Бауман ат. ММТУ) жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык кадрларды даярдоону жүзөгө ашырат. Окутуу бакалавриат жана магистратура программаларын камсыз кылат жана Россия Федерациясынын Федералдык бюджетинин эсебинен каржыланат.

Макулдашууну ишке ашыруу уюмдарга/ишканаларга алдыңкы техникалык университеттин заманбап билим берүү программалары боюнча окутуудан өткөн квалификациялуу кадрларды алууга мүмкүндүк берет. Өндүрүштүк жана башкаруучулук иштин натыйжалуулугун жогорулатуу, ошондой эле башкаруунун заманбап техникалык жана маалыматтык методдорун, санариптик чечимдерди жана алдыңкы инженердик ыкмаларды киргизүү ишканалар үчүн күтүлгөн натыйжа болуп калат.

Макулдашуунун милдеттүү шарты болуп Н.Э.Бауман ат. ММТУнун бүтүрүүчүлөрүнүн окууну аяктагандан кийин үч жыл бою профилдик ишканаларда иштеп берүүсү эсептелет.

Окууга талапкер катары Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин сунушу боюнча же министрликтин жана тиешелүү ишкананын биргелешкен сунушу боюнча ошол ишканага кийин ишке орноштуруу менен окутууга

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН



Scanned with CamScanner

жиберилүүчү уюмдардын/ишканалардын иштеп жаткан кызматкерлери, ошондой эле жалпы билим берүүчү уюмдардын бүтүрүүчүлөрү да жиберилиши мүмкүн.

Талапкерлерди тандоо масктешүү түрүндө өтөт.

Квоталанган орундардын саны чектелүү.

Документтерди кабыл алуу мөөнөтү - 2026-жылдын 30-январына чейин.

Суроолор болсо, кошумча маалымат берүүгө даярбыз.

Бардык суроолор боюнча төмөнкү телефондорго кайрылууну суранабыз: 62-05-35 (кошумча 154); 62-05-35 (кошумча 155), 0-551-20-00-65; 0-557-67-66-77.

**Министрдин биринчи орун басары** **Ч.С. Сейитов**

Атк. Хусаинова М.А. – персонал менен иштөө бөлүмүнүн башчысы
т.62 05 35 (+154)

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 08/639, 19.01.2026

Кол койгон: Сейитов Ч.С., 19.01.2026

Scanned with CamScanner